# Кескелдириктин өзгөчө териси



Автор: Моурнг Пайзет

Сүрөтчү: Соурт Роурт

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Кескелдириктин өзгөчө териси

Автор: Моурнг Пайзет
Сүрөтчү: Соурт Роурт
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кескелдириктин өзгөчө териси" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Lizard’s Special Skin* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Murng Piset жана сүрөтчүсү Surt Rurt. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2021-жылы CC-BY-NC-4.0. лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/453b947e-935e-45b3-a775-75287756ce48?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бир күнү кичинекей Хамелеон Кескелдирик дарыянын жээгинде сейилдеп жүрдү. Ал досторун, кичинекей Күн Сцинкин жана кичинекей Агама-Көпөлөктү көрдү. Алар бири-бирине териси менен мактанып жатышкан экен.

Кичинекей Агама-Көпөлөктүн териси түрдүү түстө эле.






Кичинекей Күн Сцинкинин териси жылмакай жана жалтырак эле.

Кичинекей Күн Сцинки жана кичинекей Агама-Көпөлөк кичинекей Хамелеон Кескелдирикти көздөй бурулушту. Анын терисин көрүп, экөө тең менменсинип, мурундарын чүйрүдү.





Кичинекей Хамелеон Кескелдирик капа болду. Ал териси кичинекей Күн Сцинкинин терисине окшоп жалтырак болушун абдан каалады.

Кичинекей Кескелдирик уялганынан жер карап басып кетти.

– Мен өзүмдүн теримди жек көрөм. Терим тигилердикиндей жылмакай болушу үчүн эмне кылсам болот? – деп ичинен күбүрөндү.





Кичинекей Хамелеон Кескелдирик терисин өзгөртүүнүн жолдорун ойлонуп жатты. Ал бакка сүйкөнүп, терисин сыйрып салууга аракет жасады.

Ал бактын ширесин сүйкөп, терисин жылмакай кылууга аракет жасап көрдү.





Ал таштардын ортосунан кысылып өтүүгө аракет кылды.

… тыгылып калды.





Чыгып кетүү үчүн ага көп убакыт жана аракет керек.

Кичинекей Хамелеон Кескелдирик абдан оңтойсуз абалда болду.





Кокусунан ага жылан сойлоп келди! Жылан ышкырып, оозун ачты. Ал кичинекей Кескелдирикти жутуп алууга камынды!

Жылан улам жакындап келе жатты. Берки эки кескелдирик дагы ага жакын жерде болчу. Жыландан качабыз деп алар кагылышып, бири-биринин үстүнө жыгылып калышты.






Жылан аларды кууп жетти. Бирок…алар кайда?

Жылан аларды таба алган жок. Көңүлү чөгүп ышкырып алды дагы, сойлоп кетти. Кичинекей Күн Сцинки жана кичинекей Агама-Көпөлөк кичинекей Хамелеон Кескелдирикти башкача көз караш карап калышты.






– Вау, сенин териң түсүн өзгөртө алат экен! Кандай керемет! – деп суктанышты алар.

Кичинекей Хамелеон Кескелдирик абдан кубанды. Ал өзүнүн ушунчалык өзгөчө экенин билди!






Келгиле, кичинекей Күн Сцинкиге жана кичинекей Агама-Көпөлөккө кичинекей Хамелеон Кескелдирикти табуууга жардам берели.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Моурнг Пайзет
Сүрөтчү: Соурт Роурт
Которгон: Айгуль Джунушалиева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли